ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 37.03+81-13(045/046) DOI: 10.35803/1694-5298.2020.3.361-370

**АЗЕМОВА А.А.**
[1]Н.Исанов атындагы КМКТАУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

[1]KGUSTA n.a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
(aizemova@mail.ru)

# КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН УНИВЕРСАЛДУУ КОМПЕТЕНЦИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ҮЧҮН ИНТЕРАКТИВДҮҮ ТАПШЫРМАЛАР

# ИНТЕРАКТИВНЫЕ ЗАДАНИЯ ДЛЯ ФОРМИРОВАНИЯ УНИВЕРСАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ СТУДЕНТОВ НА ЗАНЯТИЯХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

# INTERACTIVE TASKS FOR THE FORMATION OF UNIVERSAL COMPETENCIES OF STUDENTS IN THE CLASSES OF THE KYRGYZ LANGUAGE

*Макалада кыргыз тилин окутуунун методдору тууралуу сөз болот. Кыргыз тилин окутуу методикасын аныктоодо өзгөчө жаңы ыкмаларды колдонуу зарылдыгы берилген. Ошондой эле автор студенттердин коммуникативдик компетенцияларына талдоо жүргүзгөн. Анда маалыматтык "билимдик" мамилеге эмес, ишмердик мамилеге көңүл буруу сунушунун натыйжасында, студенттердин негизги коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүүдө коммуникативдик оюндар жана риторикалык тапшырмалардын үлгүлөрү берилген.*
***Өзөк сөздөр:*** *кыргыз тили, окуу китептери, компетенция, коммуникативдик оюн, кесиптик билгичтиктер, дискуссия жана дебат, "мээге чабуул", риторикалык тапшырмалар, сынчыл ойлом.*

*В статье речь пойдет о методике преподавания кыргызского языка. При определении методики обучения кыргызскому языку, предлагается использовать новые направления. Автор также проанализировал коммуникативные компетенции студентов. В результате чего предлагается сосредоточиться на деловом подходе, а не на информационном «образовательном» и для развития основных коммуникативных навыков учащихся, представлены примеры коммуникативных игр и риторических задач .*
***Ключевые слова:*** *кыргызский язык, учебники, компетенция, коммуникативные игры, профессиональные навыки, дискуссия и дебат, "мозговой штурм", риторические задания, критическое мышление.*

*The article will focus on the methodology of teaching the Kyrgyz language. When determining the methodology for teaching the Kyrgyz language, it is proposed to use new directions. The author also analyzed the communicative competence of students. As a result, it is proposed to focus on the business approach, rather than on the informational "educational"one and for to develop the basic communication skills of students, examples of communication games and rhetorical tasks are presented.*
***Key words:*** *kyrgyz language, textbooks, competence, communication games, professional skills, discussion and debate, "brainstorming", rhetorical tasks, critical thinking.*

Бүгүнкү күндө глобалдык дүйнөлүк өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, коомдун социалдык тартиби жана эмгек рыногунун талаптары да тез өзгөрүүгө дуушар болууда. Технологиянын өнүгүшү менен кээ бир кесиптер эскирип же таптакыр жок болуп, алардын ордуна жаңы кесиптер орун алууда.

Глобалдык дүйнө - бул экономикалык, социалдык жана маданий процесстердин универсалдашуусу жана ылдамдашуусу жүрүп турган дүйнө, мында эмгек рыногу билим берүү кызматынын рыногуна салыштырмалуу кыйла динамикалуу өнүгүшүнө жана адистердин баалоосу боюнча бул ажырым барган сайын дагы өсө беришине алып келет. [1]

Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү концепциясынын проектисинде берилгендей, азыркы заманда жаңы шарттарга өз алдынча ой жүгүртө алган, өз алдынча иштей билген, чыгармачыл, коммуникабелдүү адам гана ылайыкташа алат, ал эми белгилүү бир тар билимге, билгичтиктерге гана ээ болгондор, кошумча кесиптик билим алуу менен көндүмдөрүн жогорулатуу керек болот.

Кыргыз Республикасында билим берүү сапатын камсыздоо маселелери өзгөчө көйгөйлүү болуп жаткандыгын жылдан жылга эмгек рыногунун талаптары күч алууда, маселен, бүгүнкү күндө көпчүлүк иш берүүчүлөр кызматчынын кандайдыр бир университеттин жогорку билим тууралу дипломуна ээ болушун төмөн баалап, анын өздүк жана кесиптик ишбилгилигин бийигирээк дэңгээлде баалашат [2].

Демек, биздин бүтүрүүчүлөрүбүз ар кандай шартта жана кыйынчылыктарда туура жолун таап кете алгыдай, коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды түзүп алгыдай адистерди даярдаган билим берүү тутумун түзүү зарыл [3].

Билим берүү тармагынын эл аралык эксперттеринин пикирине ылайык, жаш муундар жыйырма биринчи кылымда ийгиликтүү жашап кете алышы үчүн учурдун талаптарына шайкеш келген жаңы предметтерге (билим, билгичтик, компетенция, окуучунун жеке касиет-сапаттарынын өрчүшү) орун берилиши керек.

Эл аралык окутуу практикасында "XXI кылымдын көндүмдөрү", "жумшак билгичтиктер" жана "катуу билгичтиктер" деген аталыш менен билгичтиктердин эки тобу белгиленген. "Жеңил билгичтиктердин" негизин төрт **"К"** түзөт: ***коммуникация, коллаборация, сынчыл ойлом (критическое мышление) жана креативдүүлүк***. (1-тиркеме) "Катуу билгичтиктер" – булар, негизинен, *кесиптик билгичтиктер,* тагыраак айтканда *сварка, ремонт, компьютерде иштей билүү* ж.б. Башкача айтканда булар мета-көндүмдөр катары адамды анын бүтүндөй кесиптик ишмердүүлүгүндө коштоп жүрөт. [4] Ал эми биздин изилдөөбүздө "XXI кылымдын көндүмдөрүнүн" ордуна "универсалдуу компетенциялар" терминин колдонуу шарттуу.

Мамлекеттин түпкү улутунун тили б.а. мамлекеттик тил - бирдиктүү тил болуп кызмат кылышы керек. Мамлекетте жашаган бардык улуттар ошол мамлекеттин тили аркылуу гана сүйлөшүп, пикир алышууга жетишүү зарыл. Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык мамлекеттик тилди билүү заманбап адистин кесипкөй компетенциясынын милдетүү компоненти болуп саналат.

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы иштелип чыгып, анда белгиленген иш-аракеттер активдүү түрдө турмушка ашырыла баштады. Аталган программа кыргыз тилин окутуунун максаты менен милдетине, мазмуну менен натыйжаларына карата жаңы талаптарды, жаңы милдеттерди койгон. Улуттук программа кыргыз тилин окутуу чөйрөсүнө карата конкреттүү түрдө: "кыргыз тилин эне тили катары, экинчи тили катары жана чет тили катары окутууга жаңы муундагы окуу-усулдук комплекстерин даярдоо жана басып чыгаруу" - милдетин койду.

Азыркы коомубуздагы билим берүү процесстеринин өнүгүшүндөгү илим менен технологиянын улам жаңы ачылыштары жарыяланып жаткан учурда тилди үйрөтүүдө да табылгаларды, жаңы технология менен усулдук ыкмаларды колдонуу өтө маанилүү. Андыктан, илим менен практиканы айкалыштырып, кыргыз тилин эне тили жана мамлекеттик тил катары үйрөтүүдө да XX кылымдын тажрыйбаларына таянуу менен XXI кылымда пайда болгон окутуунун методдорун колдонушубуз керек.

Улуттук программада коюлган милдеттерди аткаруунун негизинде Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде курулуш жана жаңы технологиялар багытында билим алган студенттерге арналган окуу-усулдук китептери иштелип чыкты. Китептеги окуу маалыматтарын ой-жүгүртүүгө түрткү

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

берүүчү каражат катары карап, студенттердин аракеттери, даяр билимдерди, жоопторду чечимдерди кабыл алууга эмес, өз алдынча изденүүчүлүккө, чыгармачылыкка багытталат.

Алсак, сабак өтүү процессинде байкоолор жүргүзүлгөндөй, студенттердин салттуу түрдө өтүлгөн сабакка караганда интеллектуалдык татаал иштерди аткаргысы келээри байкалууда.

Ошондуктан жогорку окуу жайларынын окуу процессине жана ошондой эле кыргыз тилин окутууда өзгөчө жаңы ыкмаларды колдонуу зарыл.

Кыргыз тилин үйрөтүүдө негизги төмөнкү максаттар ишке ашырылышы керек:

-мурдагыдай маалыматтык “билимдик” мамилеге эмес, өнүктүрүүчү жана ишмер мамилеге басым жасоо;

- суроо-жооп эмес, ой-жүгүртүү жана чыгармачылыкка басым жасоо, өз алдынчалуулукка багыт берүү;

-мамлекеттик жана официалдуу тилдерде өзүнүн сүйлөгөн сөзүн оозеки жана жазуу жүзүндө логикалык жактан туура, аргументтүү түзүүгө жөндөмүн өрчүтүү;

- ишмердик мамилени: эл алдында чыгып сүйлөөнү, сүйлөшүүлөрдү, жыйналыштарды, электрондук коммуникацияларды ишке ашырууга жөндөмүн калыптандыруу;

- турмуштук кырдаалдар жана кесиптик терминдер боюнча сүйлөө речин жана окула турган тексттердин тематикаларын түзүү;

- билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган, социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоо [5].

Бүгүнкү күндө, окутуу процессинин жүрүшүн изилдөөнүн натыйжасында кыргыз тили сабагын окутууда ар түрдүү ыкмаларды (метод) жана интерактивдүү методдорун колдонуу керек.

"Интерактив" сөзү бизге англис тилинен "interact" сөзүнөн келип чыккан: inter - "өз ара", act - "аракет кылуу". Демек, "интерактивдүүлүк" түшүнүгү англис тилинен кыргыз тилине "өз ара аракеттешүү", “бирге аракеттешүү” деп которулат. Тактап айтканда, интерактивдүүлүк өз ара аракеттешүү же сүйлөшүү, кимдир бирөө менен диалог кылуу мүмкүнчүлүгүн билдирет.

Интерактивдүү окутуу бул баарынан мурда диалог аркылуу окутуу, тагыраак айтканда мугалим менен студенттин бирге аракеттешүүсү. Интерактивдүү тапшырмалар окуу процессин байытат. Ар бир интерактивдүү көнүгүү - бул студенттерден жөн гана маалыматты айтып берүүсүн талап кылуу эмес, тескеринче бир нече ыкманы камтыган чыгармачыл тапшырма.

Мындан тышкары, бул көнүгүүлөр практикалык жагынан студенттер үчүн пайдалуу болушу керек; алардын жашоосу менен байланышкан, студенттердин кызыгуусун ойготуп, билим алуу максатын жогорку деңгээлге жеткириши керек.

Алсак, интерактивдүү сабактар сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Бул студенттин предметке жана жалпы эле билим алууга болгон кызыгуусун арттырат деп ойлойм. Мындай чыгармачылык талап кылынган сабактар, адаттан тышкары (викторина, конкурс, оюн, саякат ж.б.) кызыгуу жаратып, студенттердин көңүлүн, ой жүгүртүүсүн жандандырат.

Өзгөчө кырдаалга туш болгон студенттин, интеллектуалдык жана эрки активдүү иштей баштайт, алган билими, көндүмдөр жана жөндөмдөр тезирээк кабыл алынат.

Буга салттык эмес сабактарда окутуучунун да, студенттин да чыгармачыл резервдердин тартуу (мобилизациялоо) шарттарын түзүү жардам берет. Семинар, викторина, изилдөө, сүрөттөө, көйгөйлүү кырдаалга негизделген диалог, чыгармачыл ойлом, эс-тутумду бекемдөө оюндарын алсак болот.

Биринчиден, окутуучу өзүнүн сабагында студенттердин кызматташуусун камсыздап, сабак учурунда жана сабактан тышкары топ менен өз ара ишеним мамиле түзүүгө милдеттүү.

Экинчиден, окутуу процессинде топтук жумушту уюштурса болот, коллективизмди тарбиялоого өбөлгө түзүп, студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү керек.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кандай гана сабак болбосун, анын эң негизги өзгөчөлүгү дискуссия, тагыраак айтканда окутуучу менен студенттердин ортосунда жана студенттердин өздөрүнүн ортосундагы диалогдордун жана кызматташуунун түзүлүшү.

Студенттердин негизги коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүүдө коммуникативдик оюндар жана риторикалык тапшырмалар түрткү берет.

Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдуу компетенцияларын калыптандыруунун максатында төмөнкү интерактивдүү окутууну колдонсо болот:

- суроо берүү;
- дискуссия жана дебат өткөзүү боюнча тегерек столун уюштуруу;
- "акыл чабуулу" ;
- ролдук оюндар;
- интернет ресурстарын колдонуу ;
- риторикалык тапшырмалар; (топтук талкуу; чакан топтор арасында иштөө; долбоордук иш; диалог жүргүзүү);
- сынчыл ойломун өстүрүү; ж.б.

Бул комуникативдик оюндардын негизинде – кыргыз тилин окуп-үйрөнүү менен ар кыл турмуштук кырдаалга жараша өз алдынча колдоно алууга, жекече же топ менен биргеликте чечим кабыл алууга, өз ишин уюштура билүүгө үйрөнөт. Ушул себептен Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Кыргыз тили жана адабияты» кафедрасынын 2019-2020-окуу жылындагы модулдук программасынын негизинде 3 блоктон турган тапшырмалардын түрлөрү иштелип чыкты. Алар: 1. Грамматикалык тема; 2. Кептик тема; 3.Коммуникативдик оюн. Ар бир тема түрдүү көнүгүүлөр, тексттер, аларга карата түзүлгөн тапшырмалар жана риторикалык оюн-тапшырмалар менен коштолот.

Төмөндө берилген коммуникативдүү оюндар курулуш жана технология багытында окуган 1-курстун студенттерине арналып "Кыргыз тили жана адабияты" окуу китебине киргизилди.

**1.Суроо бере билүү жөндөмү. Суроолор эмне үчүн керек?**

Суроо проблеманы аныктоого, тактап түшүнүүгө көмөк берет. Суроолор сизди курчап турган чөйрөдө жол таба билүүбүз үчүн керек, демек суроо бере билген адам, суроо бере билбеген адамга караганда жакшыраак жол таба алат.

Ар бир адамда дүйнө таануу процесси суроо коюудан башталат. Ал эми окуу процессинде мугалимдин суроолору күчтүү каражат. Суроо берүү менен балдарда ой жүгүртүүнүн ар кандай жөндөмдөрүн өстүрсө болот [6] .

**"Блумдун таажыгулу"**




Бардык нерсеге жооп бере билгенден көрө, кээде суроо бере билген жакшы. (Ж.Тэрбер)

Кандай суроо берсең – ошондой жоопаласың. (Элдик накыл сөз)

| | |
|---|---|
| **Максат:** | Суроо бере билүү жөндөмү, топто иштөө, ой жүгүртүүсүн өстүрүү |
| **Убакыт:** | 10-15 мүнөт |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | |
|---|---|
| **Катышуучулардын саны** | Бардык студенттер |
| **Оюндун шарты:** | **Биринчи тапшырма:** студенттердин баарына белгилүү болгон чыгармага суроолорду түзүшөт. Суроолор түзүлүп бүткөндөн кийин кошуналар бири-биринин дептериндеги суроолорго жооп беришет.<br>**Экинчи тапшырма:** Студенттер эксперттик топторго бөлүнүшөт. Ал үчүн биринчи номер деп санагандар – биринчи топко, экинчи дегендер – экинчи топко д.у.с. Эксперттик топтор үчүн сүрөт таратылат. Ар бир эксперт өзүнүн номерине тиешелүү Блумдун суроолорун даярдайт. Эксперт суроолорун түзүп бүткөндөн кийин өзүнүн тобуна келип, суроосуна жооп алат. Андан кийин ар бир топ суроо-жоопторунун негизинде берилген сүрөттү презентациялайт. |
| **Жабдуулар:** | Кыргыз эл сүрөтчүлөрүнүн тарткан сүрөттөрү; карточкага өзүнчө жазылган Блумдун суроолору. |
| **Жыйынтык:** | 1.Суроо берүү оңойбу же суроого жооп берүү оңойбу?<br>2.Суроолордун кандай түрлөрүн билесиз? ж.б. |

**2.Акыл чабуулу** – бул темага байланыштуу ойго келген идеялардын баарын сындабастан туруп иштеп чыгуу.

| | |
|---|---|
| **Максат:** | Студенттердин өз элестетүүлөрүн, идеяларын, чыгармачылыктарын колдоно билүүгө жана жаңы идеяларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берүү. Өз идеяларын жалпылап, башкалардын идеяларын өнүктүрүү. |
| **Убакыт:** | 15 мүнөт |
| **Катышуучулар** | Бардыгы |
| **Жабдуулар:** | **Идеяларды жазуу үчүн ватман же доска.** |
| **Оюндун шарты:** | Студенттер эки топко бөлүнүшөт. Ар бир топтон бирден студент доскага чыгат. Студенттер өз идеяларын айта башташат, эки студент өзүнүн тобунун идеяларын ватманага же доскага жазып турушат. Окшош идеяларды чийип салуу керек. Идеяларды талкулоо, баа берүү.<br>1.Бардык айтылган ойлор жана идеялар баалуу.<br>2.Берилген тема боюнча ойго келгендин баарын айта берсе болот.<br>3. аларды талкуулап сын айтылып, баа берилбейт. |
| **Жыйынтык:** | 1.Кайсыл идея кызыктуу болду?<br>2. фантазиялуу идеялар колдоого алынат<br>3. Студенттен оюндун жыйынтыгын чыгарышат |

**3. Ролдук оюндар -** адабиятты окутуу методдорунун ар кыл түрдүү арсеналын, каражаттарын жана методикалык ыкмаларын (оюндар, бош туруп калбоо, мелдешчилик) пайдалануу.

Бул окутуунун процесси, өтүлгөн материалды эстеп калууга таасир берет. Студенттер ролдук оюн аркылуу өтүлгөн сабакты оңой түшүнүшөт, бул албетте окуу процесинин маанилүү бөлүгү десем болот. Мындан тышкары, ролдук оюндар студенттер менен мугалимдин ортосундагы өз ара мамилелерди өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет, бири-биринин талаптарын жакшы түшүнө башташат жана алардын артыкчылыктарынын эсебинен мындай ыкманын натыйжалуулугу кыйла жогорулайт.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**Коммуникативдүү оюн: “Баш каарман”**

| | |
|---|---|
| **Максат:** | Чыгармачылык, өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүк, ой жүгүртө алуу, топ менен иштөө. |
| **Убакыт:** | Даярдыкка 10-15 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Баардыгы |
| **Оюндун шарты:** | Жазуучунун чыгармаларынын аталышы карточкаларда берилген. Студенттер бир нече топко бөлүнүп, карточкада берилген чыгарманын башкы каармандарын үнсүз ойноп көрсөтүүгө аракет кылышат. Башка топтун студенттери чыгарманын аталышын жана кайсы каарман ойнолуп жатканын табуу керек. |
| **Темалардын үлгүсү:** | 1-топ:“Жамийла” (башкы каармандардын ролун үнсүз ойноп берүү)<br>2-топ: “Эрте келген турналар” (башкы каармандардын ролун үнсүз ойноп берүү)<br>3-топ: “Ак кеме”( башкы каармандардын ролун үнсүз ойноп берүү)<br>4-топ: “Атадан калган туяк” (башкы каармандардын ролун үнсүз ойноп берүү) |
| **Жыйынтык:** | 1.Кайсы топтун оюну ролду жеткиликтүү бере алды?<br>2.Чыгармачылыкка шыктуу студент деп, кимди эсептейсиңер? |

**4. Риторикалык тапшырмалар.** Коммуникативдик көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө ошондой эле риторикалык тапшырмалар да жардам берет. Коммуникативдик оюн коммуникативдик көндүмдөрдү үйрөтөт, жупташып иштөө жөндөмүн өнүктүрөт (диалог) же тайпада (полилог), сүйлөө кырдаалын талдоо көндүмдөрүн калыптандырат. Риторикалык тапшырманын мисалы:

**Риторикалык тапшырма: “Барк”**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | коммуникативдик көндүмдөрдү үйрөтөт, жупташып иштөө жөндөмүн өнүктүрөт, тайпада (полилог), сүйлөө кырдаалын талдоо көндүмдөрүн калыптандырат |
| **Убакыт** | 5-7-мүнөт. |
| **Катышуучулардын саны** | баардыгы |
| **Оюндун шарты** | Байзак чечендин айтканы: - *Жылынып жүрүп күндүн баркын билбейт экенбиз «чыгыштан чыкты, батышка батат»* деп. - *Жашап жүрүп жердин баркын билбейт экенбиз «тоосу таш, түсү топурак»* деп. - *Ичип жүрүп суунун баркын билбейт экенбиз «жутса муздак, кайнатса ысык»* деп («Көчмөндөр кагылышы» романынан).<br>М у г а л и м: Дагы эмнелердин баркын билбейбиз, ойлонуп, уланткыла<br>1 - студент: Дем алып жүрүп абанын баркын билбейт экенбиз<br>2 – студент: Билим алып жүргөн китептин баркын билбейт экенбиз<br>3 – студент: Таалим тарбия алган мугалимдин баркын билбейт экенбиз.<br>4 – студент: Багып чоңойткон ата-эненин кадырын билбейт экенбиз [6] |

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| | |
|---|---|
| **Жыйынтык** | Дагы эмненин баркын билбейбиз, ойлонуп көргүлө. |

**5. Сынчыл ойломду өстүрүү.** Сынчыл ойломду өстүрүү оңой иш эмес. Бирок студенттердин сынчыл ойломун өстүрүүдө, төмөнкү ыкманы колдонуп көрсө, ашыкча болос.

**Коммуникативдүү оюн: "Эксперт"**

| | |
|---|---|
| **Максат:** | Сынчыл ой жүгүртүү, анализдөө, маалыматты баалоо |
| **Убакыт:** | Даярдыкка 10-15 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Баардыгы |
| **Оюндун шарты:** | Окутуучу бир фильмди сунуштайт. Фильмди студенттер жөн гана көрбөстөн, окутуучунун нускамасын аткаруу менен көрөт. Нускама: группа үч кичи топко бөлүнөт. Ар бир топ өздөрүнө тиешелүү окутуучунун тапшырмасын аткарат. Фильмди көрүп бүткөндөн кийин окуучуларга презентацияга даярданууга 10 мүнөт убакыт берилет. Тапшырма: 1-топ – (фильмдеги адамдын) өмүрү жана чыгармачылыгы; 2-топ – каармандын дүйнөгө болгон көз караштары; 3-топ – каармандын турмушундагы кызыктуу жана таң калтырган окуялары берилет. Ушундай тапшырмалар аркылуу окуучуда түшүнүү, анализдөө, маалыматты баалоо жөндөмү пайда болот. |
| **Жабдылышы:** | "Курманжан Датка", "Дарак ыры", "Делбирим" ж.б. фильмдери |
| **Жыйынтык:** | 1.Сынчыл ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берүү;<br>2.Ар түрдүү идеялар менен ой пикирлерди кабыл алуу;<br>3.Окуучулардын активдүү болушуна өбөлгө түзүү;<br>4.Ар бир студентке сынчыл ой жүгүрткөнгө жөндөмдүү деген ишенимди билдирүү;<br>5.Сынчыл ойлорду баалоо. |

6. **Чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өрчүтүү** - кыргыз тили сабагында окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өрчүтүү үчүн, сабакты өтүүдө жаңы методологиялык методдор колдонулушу керек: кластер, таблицаларды толтуруу, доклад даярдоо, биргелешип изилдөө, ыр чыгаруу, аңгеме түзүү ж.б.

**Коммуникативдүү оюн: "Креатив"**

| | |
|---|---|
| **Максат:** | Чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн ачуу |
| **Убакыт:** | Даярдыкка 10-15 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Баардыгы |
| **Оюндун шарты:** | Ар бир студент ойлонбой туруп кезектешип, бирден сөз айкашын доскага жазып чыгышат. Мисалы, он чакты сөз айкашы доскага жазылат. Берилген сөз айкаштарын катыштырып кыскача тамаша же кайгылуу аңгеме, ыр сап же дилбаян жазуу же сүрөт тартуу керек. Дилбаянга тема коюулуп, бир сюжетте жана кыска убакытта жазылышы керек. |
| **Жыйынтык:** | 1.Чыгармачыл ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берүү;<br>2.Ар түрдүү аңгемелерди жана ой пикирлерди кабыл алуу;<br>3.Студенттердин активдүү болушуна өбөлгө түзүү; |

| | |
|---|---|
| | 4.Ар бир студентке чыгармачыл ой жүгүрткөнгө жөндөмдүү деген ишенимди билдирүү;<br>5.Чыгармачыл ойлорду баалоо. |

Ушул сыяктуу интерактивдүү тапшырмаларды аткаруунун натыйжасында студент изденүүчүлүккө, коллектив менен бирге иштешүүгө, чечим кабыл алууга, жоопкерчиликке, максатка умтулуу, активдүүлүккө жана ошондой эле жалпылап айтканда окуу процессинде алган **компетенттүүлүккө** (2-тиркеме) ээ болот .

Ошентип, жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуу боюнча жүргүзүлгөн окуу процессинде, жогоруда берилген активдүү коммуникативдүү оюндарды колдонууда келечектеги куруучу-инженерлердин, программист-лингвисттердин котормочулук, кесиптик жана универсалдык компетенцияларын өнүктүрүп, натыйжалуу кесиптик өз ара аракеттенүү жөндөмүнө ээ болгон, өз алдынча ой жүгүртө алган, өз алдынча иштей билген, креативдүү (чыгармачыл), коммуникабелдүү бүгүнкү заманда талап кылынган компетенттүү кадрларды даярдоого мүмкүнчүлүк берери шексиз.

## Адабияттар тизмеси


1. “Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө” Мүмкүндүк алуу режими: КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 ...http://cbd.minjust.gov.kg › act › view › ky-kg

2. Сорос-Кыргызстан Фонду “Кыргыз Республикасында сапатты камсыздоонун ичики тутумун киргизүү жана анын сырткы баалоо механизмдери боюнча практикалык жетектеме”. Мүмкүндүк алуу режими: КЫРГЫЗСТАН: - SIAR consult — http://siar-consult.com ›

3. Сыдыкбаева М.М. **-** Коммуникативдик тилдик компетенция-кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун, билим берүүнүн максаты катары**.** Б: Известия КАО №3 (31) 2014 Мүмкүндүк алуу режими: http://kao.kg

4. Добаев К.Д. Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү концепциясы. – сайт КАО / [Текст] 11-б. http://kao.kg

5. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук Программасы (КР Президентинин 2014-ж.2.06. №199 Жарлыгы менен бекитилген). Мүмкүндүк алуу режими: http://cbd.minjust.gov.kg

6. “Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын хрестоматиясы. “Кыргызстан-Сорос” фондусу; Б.:”Басманы өнүктүрүү борбору” коомдук фонду, 2004 - 158-б.

**7.** В.И.Мусаева. Кыргыз тили сабагында окуучулардын кептик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу аркылуу чечендик кепке үйрөтүү. / В.И.Мусаева // Мүмкүндүк алуу режими: http://www.kao.kg › images › stories › doc

8. Аскар к.Ж. Профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тил морфологиясын окутуу ыкмасы [Текст] / Аскар к.Ж. // Вестник КГУСТА. - Бишеке: 2018. - №1(59). – 63-58б.

9. Курманалиева К.К. Азыркы кыргыз тилидн лексиканын семантикалык парадигмасы [Текст] / К.К.Курманалиева // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2019. - №4(66). – 618 -624 б.

1-ТИРКЕМ

**Жеңил билгичтиктер:**
**Кесиптин өзгөчөлөгүнө карабастан ийгиликке жетүүгө мүмкүндүк берет.**

**МЕТА-КӨНДҮМДӨР**

**Катуу билгичтиктер:**
**Техникалык көндүмдөр**

**1.Коммуникация**

Көп тилдүүлүк (Үч тил билүү, аларды терең өздөштүрүү), үзгүлтүксүз билим алуу, жоопкерчилик, өзүн-өзү башкара билүү, тартиптүүлүк.

Ремонт, сварка, монтаж, компьютерде иштөө, техниканы оңдоо ж.б.

**2.Коллаборация (кызматташтык)**

-бул бир канча адамдын, кесип ээлеринин биргелешип, кызматташып иштөөсү . Кызматташтыктын көндүмдөрүн калыптандыруу, студенттин өзүн-өзү баалоосун аныктап, аларды толеранттулукка көндүрөт. Азыркы заманда кызматташтык стабилдүүлүктүн, коопсуздуктун жана өнүгүүнүн негизи.

**4.Креативдүүлүк (чыгармачыл ойлом)**

-бул кесиптик ишмердүүлүктө чыгармачылык менен ойлонуу, иш жасоо негизги жана маанилүү көндүмдөрдүн бири. Азыркы заман стандарттык эмес ой жүгүрткөн чыгармачыл адамдарды талап кылат. Чыгармачыл адамдар гана коомду позитивдүү өзгөрүүлөргө алып келет.

**3.Сынчыл ойлом**

-бул ар кандай ойду, пикирди текшерүүнүн, өздөштүрүүнүн жана бекемдөөнүн бирден бир жолу; тануулганган пикирге карата да өз оюн билдирүүнүн жолу. Лидерлик көндүмдөрү.

**2-ТИРКЕМЕ**

**Компетенттүүлүк** – баштапкы деңгээлден баштап, кесипкөйлүктүн жогорку компетенттүү даражасына жеткен профессионалдын инсандык динамикалык сапаты. (проф.К.Д.Добаев)

**КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК**



5. Компьютердик сабаттуулук

**4. Креативдүүлүк (чыгармачыл):**

Стандарттык эмес ой жүгүртүү, чыгармачыл ойлом.

**3.Сынчыл ойлом:**

Лидерлик көндүмдөр, аналитикалык, сынчыл, диверенттик (ар кандай) ой жүгүртүү, логикалуу ой жүгүртүү, маалыматты талдоо, тез өзгөрүп турган чөйрөдө багыт таба билүү.

**2. Коллаборация (кызматташтык):**

Кызматташуу, жоопкерчиликтүүлүк, конфликттерди башкаруу, өзүнө ишенүү, түрткү (мотивация) берүү, ийкемдүүлүк, толеранттуулук, талаптарга ылайыкташуу, эл алдында чыгып сүйлөө.

1. Коммуникация (билим алуу):

Суроо бере билүү, үзгүлтүксүз билим алуу, жазуу жүзүндө байланыш, өзүн өзү башкара билүү, өзүн өзү баалоо, пландаштыруу, өз алдынчалуулук, максат коюу, тартиптүүлүк, көп тилдүүлүк.

Бүтүрүүчүнүн окуу процессинде алган **компетенциялардын жыйындысын** шарттуу түрдө **компетенттүүлүк** деп эсептелет. (проф.К.Д.Добаев)